
# Суу баатыры



Автор: Эрвина Хасибуан

Сүрөтчү: Клара Менгко

Которгон: Назира Сартбаева

# Суу баатыры

Автор: Эрвина Хасибуан
Сүрөтчү: Клара Менгко
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Суу баатыры" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *The Water Warrior* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Ervina Khasibuan жана сүрөтчүсү Klara Mengko. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/the-water-warrior-384832?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Неса жана анын үй-бүлөсү жакында эле Чыгыш Сумбадагы Палинди Танабара айылына көчүп келишти.

Кургак мезгилде айылда суу тартыш болот.

Бир жолу Несанын апасы ооруп, төшөккө жатып калды.
Неса бир аз суу кайнатуу үчүн шашып ашканага кирди.





Бирок суу калбай калыптыр. Эми биз эмнени жеп, ичебиз?

Ичүүчү сууну апасы ташып келчү.

– Мен суу алып келейин, апа.

Неса суу алып келе аларына ишене алган жок. Бул айылга жакында гана көчүп келишкен. Ал суу булагы кайда экенин дагы билбейт. Бирок, эгерде ал барбаса...





Ушул учурда Неса коңшусу Амбунун үнүн чыкты: – Апа, мен сууга барып келейин.

Неса сыртка жүгүрүп чыкты. Мен дагы сени менен сууга барсам болобу? – деп сурады ал.

Адырда узак жол баса аласыңбы? – деп сурады ишене бербей Амбу.

– Ооба, баса алам. Мен бара алам!

Неса үйгө чуркап кирип, шашыла канистрди издей баштады. Кап…бул канистранын капкагы кайда калган?

– Сен чындап суугa бара аласыңбы? Булак кайда экенин билесиңби? – деп сурады апасы тынчсызданып.

– Мен Амбу менен барам, апа, – деп Неса апасынын көңүлүн тынчытты.





Ошентип Неса достору менен жолго чыгышты. Алар бүгүн таза суу алып келебиз деген үмүт менен баратышты.

Алдыда таштак жолду басып өтүү керек эле. Неса жана достору узак жолду басып өтүштү.

Алар куйкалаган күн алдында адырдан адырга улам өйдө көтөрүлүп, кайра төмөн түшүп баратышты.

Үф, кандай ысык!

Ах... суу, суу кайда?





Неса абдан чарчады.

Ал эми булакка чейин дагы көп жол басыш керек...

– Ой... менин тапичкем!

– Эх... мени күтө тургулачы! – деп кыйкырды Неса досторуна.

Ал суу алып келүү үчүн мынчалык алыс жол басыш керектигин мурда билген эмес.





– Амбу, булакка чейин дагы көп барбы?

– Биз дээрлик жетип калдык.

– О, дагы канча басышыбыз керек?

– Көптөн бери жамгыр жаай элек. Дагы бир аз басышыбыз керек. Чыда! – деп, Амбу курбусунун көңүлүн көтөрүүгө аракет кылды.

Неса артта калып калды. Ал Амбу алыстап алдыга кеткенин байкабай калыптыр. Неса досторунан артта калбаш үчүн шашыла басты.









– Ура! Тигине – суу! – бир аздан кийин баары кубанып кыйкырышты.

– Кана? О, жок! Биз дагы бул учтуу жана аскалардан төмөн түшүшүбүз керек экен.

– Ой! Неса тайгаланып кете жаздады.

Акыры таза сууга жетишти!

Суу куйкалаган күндүн ысыгында узак жолду басып кыйналган балдарга салкындыкты жана сергектикти тартуулады.





– Келгиле канистрага суу толтуралы, – деп сунуштады Амбу.

Неса идишин толтурду. Бул эртеңкиге чейин жетет. Ммм... кандай оор!

Үйгө кайта турган убакыт келди.

Кайрадан тик аскалардан көтөрүлүү керек.

– Өх!... Эмне үчүн суу алып келүү мынчалык кыйын?





Бир кезде Неса ташка чалынып кетти.

О, жок!

Оозу ачык канистрадан суу төгүлүп калды.

Неса буту ооруганынан кыйкырып жиберди.

Несанын канистрасында суу дээрлик калбай калыптыр. Бул суу апасына жардам бере алабы?

– Кааласаң, менин суумдан бөлүшөйүн? – деди Амбу.





– Сенин үй-бүлөң чоң. Бул суу өзүңөргө керек, Амбу.

Неса досторун карады. Эгерде алар сууну үйгө жеткире алса, ал дагы жеткире алат.

– Амбу, мен кайра суугa барып келейин, – деди Неса.

– Мен аракет кылам. Апама жардам берем.

Менин колумдан келет!





Неса досторунан артта калып калды, бирок мунун эч коркунучу жок.
Эми ал үйгө барчу жолду билет.

Неса күн батканча үйгө кайтып келүүгө жетишти.

– Апа, апа, карачы! Мен суу алып келдим!

Өзүм суу алып келгениме абдан бактылуумун. Мен суу баатырымын, апа!





Бул окуя Сумба аралындагы балдар жөнүндө. Сумба – Чыгыш Индонезиядагы арал. Сумба миңдеген адырлуу жер катары белгилүү.

Аралда таза суу табуу өтө кыйын. Амбу жана Неса сыяктуу балдар таза суу алып келүү үчүн өтө алыска басып барышат. Алар таза суу үчүн ысык аптапта таштак жолду жана адырларды басып өтүшөт.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Эрвина Хасибуан
Сүрөтчү: Клара Менгко
Которгон: Назира Сартбаева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли